**ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ**
**ФИЛОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ**
**PHILOLOGICAL SCIENCES**

DOI:10.26104/NNTIK.2022.1.6.071

*Акылбекова А.А.*

# АЙТЫШТЫН ТҮРЛӨРҮНДӨГҮ ПОРТРЕТТИК СҮРӨТТӨӨЛӨРДҮН КӨРКӨМ ИШТЕЛИШИ
## (алым-сабак жана табышмак айтыштардын мисалында)

*Акылбекова А.А.*

# ХУДОЖЕСТВЕННАЯ ОБРАБОТКА ПОРТРЕТНЫХ ИЛЛЮСТРАЦИЙ В ВИДАХ ПЕСЕННОГО СОСТЯЗАНИЯ (АЙТЫШ)
## (на примерах стихов и песенного состязания загадками)

*A. Akylbekova*

# ARTISTIC PROCESSING OF PORTRAIT ILLUSTRATIONS IN THE TYPES OF SONG CONTEST (AITYSH)
## (using examples of poems and song contest riddles)

*УДК: 801.070.77:78.072:78.03 (477.54)*

*Айтыш – ата-бабалардан келе жаткан кыргыз элинин көрөңгөлүү өнөрлөрүнүн бири. Акындардын эл алдына чыгып сөз тапкычтыгын, тилинин күлүктүгүн, ой-жүгүртүү логикасынын тактыгын, ар түрдүү кырдаалдардан жол таап кете алган ой жүгүртүүнүн тунуктугун туюндуруп, төкмөлүктүн өзгөчөлүгүн көрсөтүп турган татаал өнөр. Айтышка түшкөн ырчылар сезимтал, баамчыл, сынчыл келип, турмуштун ар кыл сырларын, ата-бабалардын тарых-таржымалын, адамдын нукура табиятын терең талдай билүүгө тийиш. Бул макалада айтыш өнөрүнүн жанрларына жараша портреттик сүрөттөлөрдүн көркөм иштелишине басым жасалып, изилдөөнүн обьектисине айланмакчы. Портреттик сүрөттөлөр төкмө акындардын чыгармачылыгына жараша, айтыштын тигил же бул түрүнө жараша каралып, объективдүү баа берилет.*

***Негизги сөздөр:*** *төкмө акындар, айтыш, портреттик сүрөттөө, керээз, салтуулук.*

*Айтыш – одно из древних искусств кыргызов, идущее от предков. Это сложное искусство, выражающее изобретательность поэтов, беглость языка, точность логики мысли, ясность мышления, способного найти выход из различных ситуаций, показывает особенность текучести. Соревнующиеся акыны должны быть, проницательными и критическими, способными глубоко анализировать различные тайны жизни, историю предков, истинную природу человека. Данная статья будет посвящена художественной обработке портретов по жанрам речевого искусства, портретного описание и станет объектом исследования. Портретные описание рассматриваются и объективно оцениваются в зависимости от творчества поэтов, в зависимости от того или иного типа айтыша.*

***Ключевые слова:*** *поэты-импровизаторы, песенное состязание, портретное описание, благословение, традиция.*

*Aitysh is one of the ancient arts of the Kyrgyz, coming from their ancestors. This complex art, expressing the ingenuity of poets, the fluency of language, the accuracy of the logic of thought, the clarity of thinking, able to find a way out of various situations, shows the peculiarity of fluidity. Competing akyns must be astute and critical, able to deeply analyze the various mysteries of life, the history of ancestors, the true nature of man. This article will be devoted to the artistic processing of portraits in the genres of speech art, portrait description and will become the object of research. Portrait descriptions are considered and objectively evaluated depending on the creativity of poets, depending on one or another type of aitysh.*

***Key words:*** *poets-improvisers, song contest, portrait descryption, blessing, tradition.*

Илимпоз-окумуштуу А. Обозкановдун «Төкмөлүктүн башаты, калыптануу этаптары жана синкреттүү табияты» (2006) деп аталган илимий монографиясында Ж. Таштемировдон айырмаланып, диний жана жазма айтышты алып салып, анын ордуна санат айтыш, чечендик айтыш деп алты түргө классификациялап, ар бирине мүнөздөмө берген. Алар:

1. Алым сабак айтыш
2. Табышмактуу айтыш
3. Санат айтыш
4. Чечендик айтыш
5. Кордоо айтышы
6. Тамашалуу айтыш [1].

М. Көлбаеванын «Айтыш өнөрүнүн табияты: (эволюция, жанр, поэтика)» деп аталган илимий эмгегинде айтыш жанрын – адат-салт айтыштары; акындар айтышы деп экиге ажырымдап ар бирине мүнөздөмө берет.

1. Адат-салт айтыштары:

а) ар кандай жөрөлгөлөргө байланыштуу айтылган айтыштар: сармерден; б) кордоо же мактоо маанисинде айтылган айтыштар: акыйнек, кайым; в) турмуштук айтыштар: кыз менен жигит, эпкиндүү келин менен жал-

коо жигит ж.б. г) чечен айтыш;

2. Акындар айтышы:

1. Формалык жактан:

а) алым сабак;

б) санат айтыш.

2. Маанилик жактан:

а) табышмактуу айтыш,

б) кордоо айтыш

в) тамашалуу айтыш

г) учурашуу айтыш

Акындар чыгармачылыгын айтыш жанрындагы жогорку аталган түрлөрүн негиз тутуп, портреттик сүрөттөлөрдүн көркөмдүк милдетин, илимий изилдөөнүн системдүүлүк, логикалуулук принциптерин эске алып жазууну туура көрдүк. Айрыкча, А. Обозканов жана М. Көлбаеванын Союз мезгилиндеги окумуштуулардын көз караштарын эске алып, эң акыркы толукталып-жыйынтыкталган классификацияны сунуштаганын негиз тутуп, айтыштын жогорку түрлөрүндө төкмө акындар портреттик сүрөттөлөр кандай пайдаланганы каралмакчы.

Эң алгач алым-сабак айтышы тууралуу сөз болмокчу. Алым-сабак айтышында Арстанбек, Жеңижок, Токтогул сыяктуу залкарлардын шакирттерин аламан байгеге салып жатканда алгачкы сыноолору болгон. Анткени жамакчылык деңгээлден өйдө көтөрүлүп калганда элдин назарына салып, сыноосунан өткөрүү болгон. Анда биринчи ырчынын оюн, экинчи ырчы логикалык жактан улап, ыргагын бузбай бир эпке келтирүү менен кынапташкан. Деги эле, бул айтыш профессионалдык деңгээлге көтөрүлүп калган төкмөлөрдүн аш-тойлордо тойдун жүрүшүн, ат чабыш, балбан күрөш сыяктуу кызыктуу маарекелерди жайынча баяндап ырдаган. Мисалы, Түлөкө деген бийдин ашында Барпы деген калпа ырчыларга тийишип, ырчыларга байге берсенер, тиги дүйнөдөн жылан болуп келип чагат деп ырчыларды жамандайт. Аны угуп калган Коргоол Токтогул менен Эшмамбетке айтып барат. Тойго келишип, минтип ырдашат. Токтогул**:**

Эй, кагылайын калпам, ай,
Кара тыйын таба албай,
Калктын пулун кызганат,
**Бул каңырайган маңкам ай»,** десе, Эшмамбет:
Эң, үлбүрөгөн, калпам ай,
Үф, деп элди алдаган
**Үңүрөйгөн маңкам ай,**
Атала жарма таба албай
Айылдын баарын кыдырган,
**Аңырайган маңкам ай,**
Атыңдан түшпө жөөлөп,
**Алтымыш чымын, сексен курт,**
**Мурдуңду алты жыл жеген ээлеп** [2], - деп Барпы калпаны жерге киргизе сындашат. Жогорку текстерде көрүнүп тургандай эле Барпы калпаны Токтогул «Бул каңырайган маңкам ай» деп сөздү баштаса, Эшмамбет «Үңүрөйгөн маңкам ай», «Аңырайган маңкам ай» деген сөздөр аркылуу анын портретин түзүп келип, «Алтымыш чымын, сексен курт; Мурдуңду алты жыл жеген ээлеп» деген ыр саптары менен жыйынтыктап жатат.

Кыргыз элинде молдолорго караганда төкмө акындарды баалап, алардын сөзүн туу тутуп келишкен. Ал эми Барпы калпанын тилеги төрдүн төбөсүнө олтуруп алып, элдин сыйын көрүп, дүнүйөгө манчыркапып олтура берүү болгон. А бирок андай сыйды кыргыз эли төкмөлөргө көрсөтүп келген, деги эле чоң сый-урматтан, дүнүйөдөн оолак калган үчүн аларды көп жакшы көрө берген эмес. Ошондуктан калпа ырчыларга өзүнүн кемчилигин билбестен тийишип жатат. Эшмамбет менен Токтогул калпанын ач көздүгүн, көрө албастыгын, мансапкордугун «маңкага» салыштырып ырдап, анын портреттик образын түзүп берип олтурат.

Токтогул менен Алымкул Кара-Суу жайлоосунда Машакара деген кишинин тоюнда Совет мезгилиндеги аялзатынын теңдеги, алардын укуктарынын корголушу тууралуу собол салып, алым-сабак ыр менен айтышып жаткан учуру. Анда Алымкул Талас жергесинен келип, Токтогул аялзатынын сулуулугу, анын коомдогу орду тууралуу ырдоону сунуш кылат. Алымкулдун жаш, кайратка толуп турган учуру болот. Жаңы замандын жакшы жактарын айтып келип, аялзатынын сулуулугуна таң берет:

«Кызыл жоолук, кыйгач каш,
Тиги кызыл жоолук жеңени,
Оймок ооз, кара көз,
Токо оюңа туура келеби? [3], - деп Алымкул ырдап, кыздарга, келиндерге тийишет. Алардын өңү-түсүн, жүзүн ырга салып, сынактан өткөрүшөт. Токтогул менен Алымкулдун алым-сабак айтышында эң көп портреттик сүрөттөлөр пайдаланылган. Төмөндө алым-сабак айтышында пайдаланылган портреттик сүрөттөлөр: «Калем каш кара тооруну», «кызыл тоору жеңени», «барчын куштай теминген», «беш кабат бермет, шуруну, бет алдында ак келин», «анардай беттин ысыгы, арчалуу от жалындай», «элирип баскан маралдай»,«суксурдай басып таранса, суктанбай киши тура албас», «сурмалуу көз, ак маңдай», «сүзүлгөң соонун ак келин», «ак куудай болгон ак келин», «илбесин шекер балдайсың, ирбилип күйгөн шамдайсың», «ирээттүү кырчын талдайсың, жамалың аппак бото көз, кырчын жапжаш талдайсың», «чүрөктөй беттин аппагы», «упадай өңдүн аппагы», «айдай беттин аппагы» деген сөз айкашын пайдаланып, портреттик сүрөттөлөрдү образын берген.

Бул жерде пайдаланылып жаткан көркөм сөз каражаттары угуучуларга кыз кишинин эстетикалык образын чагылдырып, поэтикалык көркөмдүк милдетин аткарып турат.

Алымкул жаштыгы менен дагы деле токтобой кыз-келиндерге тийиштик кылып ырдап олтурат алат:

«**Упадай бети агарган,**
**Укурук моюн, кара көз**
**Ак бетинин актыгы,**
Токо, пияланын агындай,
Ак бетинин кызылы,
Ак тооктун канындай» [3, 219], - деп ырдап кирсе эле Токтогул турмуштун ак-карасын, жаман-жакшысын айырбаштап калган акылман катары төмөнкүдөй акыл айтат:

«Жакшысы ушул экен деп,
**Жамалына кызыгып,**
Жаштыктан пейлиң бузулуп,
Жаза кармап албагын» [3, 216],
**«Сурмалуу көз, ак маңдай,**
**Аны суктанып карап көз толсо,**
Кадырды билбей кор кылат,
Өзү бир байкабас туяк нес болсо» [3, 218], - деп айтат. Алымкул аялзатынын тышкы сулуугун гана сүрөттөп ырдап, алардын өң-келбетине көбүрөк көңүл буруп жатканын баамдап калгандыктан, «сурмалуу көз, ак маңдай», «жамалына кызыгып» алып ала көрбө, анын руханий жан-жүйнөсү, ички маданиятына баам салып, сынап жүр деп айтат. Ошол жерде жүргөн Самсаалынын Акбаары деген келинчегин көрүп калып, Токтогул аны сындан өткөрүп, ага жогору баа берет. Акбаарынын руханий маданиятына кайрылып, ички жан дүйнөсүн айтып келип, өң-келбеттүү да кедин экенин ырга салат. Акбаары күйөсү Самсаалы менен кеңешип, Токтогулга кара нооту чепкен жаап, Алымкулга кызыл кымкап чапан кийгизет.

Токтогул менен Алымкулдун алым-сабак айтышында портреттик сүрөттөлөрдү пайдаланып, алар көркөмдүк чоң милдетти көтөрүп жүргөн. Алымкулдун аялзатынын жалаң гана тышкы сулуулугун карап, өңалеттен кетип жатканын баамдап, аталык акыл-наасатын портреттик сүрөттөлөр аркылуу айткандыктан анын көркөмдүк милдетин арттырып жатат. Деги эле Алымкул жаш, максималистик куракта болгондуктан аялзатын тандоодо эң негизги катачылыкты кетирип жатканын айттырбай сезип, туура кеңеш берди. Анын үстүнө Токтогулдун Акбаары боюнча сыны туура чыгып, аны ички маданияты, акыл жөндөмү жана сулуулугу төп келишкен адам экени акындарга жасаган мамилесинен көрүнүп турат.

Кыргыз эли табиятынан сөз кадырын билген, сөздүн баркын сезген эл болгон. Ошондуктан, «өнөр алды, кызыл тил», «айтылган сөз, атылган ок», «айтылганга чейин сөз сенин кулуң, айтылгандан кийин сен сөздүн кулусуң» деген макал-ылакаптар айтылып келген. Ошол сыяктуу эле сөздүн кунун терип, наркын көтөрүп жүргөн акындарды баалап, кадырлаган. Айрыкча, акындар аш-тойлордо бири-бири менен айтышып, табышмактатып суроо салуу эли-журттун бүйүрүн кызыткан. Айтыштын бул түрү да элге кеңири жайылып, акындардын ой жүгүртүү масштабы, тапкычтыгы сыналып, эл назарына коюлган. Айтыштын бул түрүндө да портреттик сүрөттөлөр көркөмдүк чоң милдетти көтөрүп жүргөн.

Табышмак айтыштар – негизинен оозеки эл чыгармачылыгынын белгилүү жанры табышмактын таасири аркасында өнүгүп чыккан байыркы түрү. Анын өзү Кетбуканын Айгандын баласын угузганынан, Талымкыз менен Көбөктүн айтышынан байкалып турат. Төкмө акындар табышмакты чыгармачылыгында пайдаланып, ал аркылуу бири-биринин ырчылык күчүн, тапкычтыгын сынашкан. Андай аракеттерди XIX кылымда жашашкан Эсенаман менен Чоңдунун, Калмырза менен Сарбаштын, Токтогул менен Найманбайдын, Жеңижок менен Барпынын жана башка акындардын табышмак айтыштарынан даана баамдайбыз. Кантсе да, бул түрдү калыс айтыш десек болот, анткени мында кордошуу, бири-бирин кемсинтүү аракеттер болбойт. Мисалы: бири табышмак айтса, экинчиси аны чечүү керек. Эгер жандырмагын чече албаса, анда ал акындын жеңилгени экенин Ж. Таштемиров белгилейт [1, 147].

Чаты кыз менен Байгабылдын табышмактатып айтышкан окуясын айта кетүү негиздүү. Кыргыз элинде бир чоң той болуп, анда Көкшалкы деген байдын Чата кызы Байгабыл менен айтышам деп чыгат. Бирок Байгабыл байдын кызын ызаа кылып коюп балээге калбайын деп чоочулайт. Чата кыз артынан калбай ээрчип алганда бир жигит чыгып ырдабасаң болбой калды деп кеңеш берет. Мына ошол айтыш башынан аягына чейин Чата кыздын табышмагын Байгабыл чечип жүрүп олтурат. Чата кыз минтип табышмактатып суроо салат:

**«Жыланаңайлак, жылаң баш,**
**Суу кыдырган ким экен?**
Муну тапчы, Байгабыл» деп суроо салганда, Байгабыл минтип табышмактын жандырмагын чечет:

**«Жыланаңайлак жылаң баш,**
**Суу кыдырган балыкчы,**
Мунун несин айткыдай,
Теңирим тобоо, кудача ай [4], - деп акылдуулук менен табышмагын жандырып, Чата кызды жеңип кетет.

Каада-салт ырларында тамыр байлап, өсүп-өнүгүп олтуруп, акындан поэзиясынын бир салаасы болуп ка-

лыптанат. Эсенаман менен Чоңдунун айтышында бири-бирине табышмактатып суроо салып, жандырмагын чечип жүрүп олтурат. Эсенаман төмөнкүдөй тамышматып айтат:

«**Камыш башы калк этет,**
Бул эмине болуучу?
**Жекен башы желп этет,**
Бул эмне болучу?», - деп суроо салганда Чоңду минтип жооп берет:

«**Камыш башы калк этсе,**
**Казы элечек эмеспи.**
**Жекен башы желп этсе,**
**Желке чачың эмеспи** [4, 246], - деп тамышмактын жандырмагын чечет.

Андан тышкары Чоңду менен Арстанбектин айтышында дагы Чоңдунун табышагын бирин калтырбай Арстанбек таап жеңишке ээ болот. Ал айтышта портреттик сүрөттөгө байланыштуу ойлор төмөнкүдөй айтылат:

**«Көзү кыйшык кабылан,**
Көрүп калды билдиңби?
**Мурду жырык сары атан,**
Чөгүп калды билдиңби?», - деп суроо салганда Арстанбек мындай жооп
кайтарат:

**«Көзү кыйшык кабылан,**
**Көрүп калды дегениң,**
**Саяктардын чоң Садыр болуп жүрбөсүн**.
**Мурду жырык сары атан,**
**Чөгүп калды дегениң,**
**Сарбагыштын Атаке баатыр болбосун** [4, 154], - деп жандырмакты чечип кетет. «Көзү кыйшык кабылан» деген сүрөттөө саяктардын чоң Садыры менен салыштырып, ал эми «мурду жырык сары атан» деген сарбагыштын Атаке баатыры менен паралель келтирип, Садыр менен Атакенин портреттик сүрөттөсүн тартып берген.

Аксынын Кызыл-Жарынын Кароо деген жеринде Ташкул деген бай чоң той берет. Аксыдан Сулайманкул датка келип, Жеңижокту ал эми Анжыян тараптан Семетей болуш байлары менен кошо Барпыны да ала келет. Ошол жерден Жеңижок менен Барпы бет келип, Семетей болуштун уруксаты менен Жеңижок сөз кезегин алып, ырдай баштайт. Жеңижок баштаганда эле табышмактатып ырдап, Барпыга төмөнкүдөй суроо салат:

«Кара-Тоонун төбөсүн,
Кар басканы не болот?
Кайнар булак кашатың,
Суу басканы не болот?
Кырка турган катар таш,
Ураганы не болот?
Түбү менен чынардын,
Сулаганы не болот?
Кара тоонун башынан,
Күнүң батты не болот?
Ала-Тоонун башынан,
Айың батты не болот?» [4, 386], - деп суроо салганда Барпы да такшалып калган чоң акын экенин көрсөтүп мындай жооп кайтарат:

«Кара-Тоонун төбөсү,
Кар басканын сурасаң,
**Кара болгон чачыңдын, -**
**Ак болгону эмеспи!**
Кайнар булак, кашатың, -
Суу басканын сурасаң,
**Аккан көз жаш эмеспи!**
Кырка тизген катар таш,
Ураганын сурасаң, -
**Тиш түшкөнү эмеспи!»** [4, 386], - деп жооп берет.

«Кара-Тоонун төбөсүн // Кар басканы не болот?» деген суроосуна «Кара болгон чачыңдын // Ак болгону эмеспи!» - деп жооп берип жатат. «Кайнар булак кашатың // Суу басканы не болот?» деп собол салганда «Аккан көз жаш эмеспи!» - деп жооп кайтарат. Ал эми «Кырка турган катар таш, Ураганы не болот?» - деп суроо бергенде, «Тиш түшкөнү эмеспи!» - деп жооп кайтарат. Чынардын кулашы менен, Кара-Тоонун башынан күн менен айдын батышы атасы менен энесинин дүйнөдөн өтүп кетиши тууралуу айтылып жатканын белгилеп өтөт.

**Адабияттар:**


1. Обозканов А. Төкмөлүктүн башаты, калыптануу этаптары жана синкреттүү табияты. - Б., 2006
2. Айтыш сериясы 1-том. Токтогул менен Эшмамбеттин айтышы. - Бишкек, 421-бет.
3. Айтыш сериясы 2-том. Токтогул менен Алымкулдун алым-сабак айтышы. - Бишкек, 214-бет.
4. Айтыш сериясы. 1-том. Байгабыл менен Чата кыздын айтышы - Бишкек: Имак-офсет. 2015. 82-б.